# МЕНАРИНИ (MENARINI) ҮЧҮНЧҮ ТАРАПТАРЫНЫН ГЛОБАЛДЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ КОДЕКСИ



| | |
|---|---|
| Этикалык көз караш, Иштеги чынчылдык | МЕНАРИНИ тобу |

Ethical vision, Integrity in action

MENARINI group

**Киришүү**

Менарини бардык иштиктүү операцияларды чынчылдык принциптерин сактоо менен жана бардык колдонуудагы укуктук ченемдерге жана жоболорго ылайык жүргүзүүгө милдеттенет.

Биз этикалык жүрүм-турум принцибин жайылтабыз жана ишибиздин аркасында экономикалык, социалдык жана экологиялык туруктуулукка жетүүгө шарт түзөбүз.

Биздин бардык ***Үчүнчү Тараптарыбыз*** ушул Үчүнчү тараптардын глобалдык жүрүм-турум кодексинде (мындан ары «ҮТГ кодекси» - «GTP Code») берилген принциптерди бөлүшөт деп үмүттөнөбүз. Ошондой эле Менарини Үчүнчү тараптар алардын кызматкерлеринен жана алардын уюмдарынан тышкаркы, Менарини үчүн же аны менен бирге товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү менен алектенген  кызматкерлерден бирдей деңгээлде чынчылдыкты жана иштиктүү жүрүм-турумду сактоону талап кылат деп күтөт. Бардык Үчүнчү тараптар келишимдик жана иш жүзүндөгү негизде, алардын субподрядчылары жана субконтракторлору ушул ҮТГ кодексин сактай турганын кепилдеши керек.

**Компания алар менен бизнес жүргүзүүнүн кадимки тартибинде контракт түзгөн, Менарини тарабынан жалданбаган, ар кандай жак же субъект – өндүрүүчүлөр, жеткирип берүүчүлөр, дистрибьюторлор, консультанттар жана башка ишкер өнөктөштөр**

Үчүнчү тараптар бардык колдонуудагы укуктук ченемдерди жана жөнгө салуучу укуктук негизди жетекчиликке алып жана жолбермелер, сертификаттар жана жергиликтүү бийлик органдарынан уруксаттар сыяктуу керектүү документтерди жүргүзүшү керек.

Бул ҮТГ кодекси Үчүнчү тараптар аткарышы керек болгон колдонуудагы мыйзамдык укук негиздеринин толук тизмесин камтыбайт, бирок Менарини тобу үчүн маанилүү темаларды камтыйт.

| | |
|---|---|
| **ИШТИКТҮҮ ЭТИКА** | **4** |
| Паракорлуктан баш тартуу | |
| Саламаттык сактоо же дарылоо уюмдары жаатындагы адистер менен өз ара аракеттенүү | |
| Пропагандалык иш жана илимий алмашуулар | |
| Белектер жана меймандостук | |
| Кызыкчылыктар кагылышы | |
| Атаандаштык жана ак ниеттүү бүтүм | |
| Эл аралык соода операциялары | |
| Китептер жана иштиктүү документтер | |
| Купуя маалымат | |
| Маалыматтарды коргоо | |
| Интеллектуалдык менчик | |
| Чыр-чатактуу минералдар | |
| **ЭМГЕК** | **7** |
| Адам укуктары | |
| Эмгек укуктары / Зомбулукка жана басмырлоого карата сабырсыздык | |
| Балдар эмгеги, мажбурланган эмгек жана адамдарды сатуу | |
| Жумуш убактысы, Эмгек акы төлөө жана жеңилдиктер | |
| Биригүү эркиндиги | |
| **САПАТ** | **8** |
| Өзгөртүүлөрдү киргизүүнү контролдоо | |
| Аткаруу сапаты / Жеткирип берүү жөнүндө буйрутманы аткаруу | |
| Сапатты башкаруу системасы / Товардын сапаты жөнүндө шарттар | |
| Таңгак / Маркалоо | |
| **ДЕН СООЛУК, КООПСУЗДУК ЖАНА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨ** | **9** |
| Жумушчунун коопсуздугу | |
| Процесстин коопсуздугу | |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо жана уруксаттар | |
| Химикаттар, калдыктар жана чыгындылар | |
| **КОДЕКСТИ БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ** (мыйзамды бузуу жөнүндө компетенттүү органдарга кайрылуу) | 10 |
| Маалымдоо | |
| Тартипке чакыруу санкциялары | |

**ИШТИКТҮҮ ЭТИКА**

**Паракорлуктан баш тартуу**

Менарини паракорлуктун бардык формасына (ал коомдук, жеке, активдүү же пассивдүү) болсун, уурдоого алдамчылыкка, уурулукка жана/же мыйзамсыз артыкчылыктарды берүүгө катуу тыюу салат.

Биздин Үчүнчү тараптарыбыз, өзгөчө Менарини үчүн же аны менен биргеликте иштөөдө коррупцияга же паракорлукка тартууну түшүндүргөн ар кандай иш-аракеттерге (анын ичинде мыйзамсыз төлөмдөр) катышпай турганына үмүттөнөбүз.

Мындан тышкары, Үчүнчү тараптар жеке коммерциялык уюмдун кайсы бир өкүлү же кызматкери менен байланышып, бул уюмду Менариниге бизнести мыйзамсыз алууда же сактоодо жардам берүүгө үндөп, же ар кандай мыйзамсыз артыкчылыктарды алуу максатында акча каражаттарын же баалуу нерсени бербеши, сунуш кылбашы, убада кылбашы, кабыл албашы же талап кылбашы керек.

Үчүнчү тараптарды тандоодо биздин этикалык стандарттарыбызды жактагандар менен гана өз ара мамилелерди түзүү үчүн кылдат жана олуттуу көңүл бура турганыбызды кепилдейбиз.

**Саламаттык сактоо же дарылоо уюмдары жаатындагы адистер менен өз ара аракеттенүү**

Биз Үчүнчү тараптардан HCP (медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөр), HCO (медициналык кызмат көрсөтүү уюмдары) же Дарылоо уюмдары менен биз тараптан алардын өз ара аракеттенүүсүндө, алар адептүүлүктү сактоо менен жана колдонуудагы мыйзамдарга, эрежелерге, жетектөөчү принциптерге жана өндүрүштүк кодекстерге ылайык аракеттене турганын күтөбүз.

**Пропагандалык иш жана илимий алмашуулар**

Үчүнчү тараптар бардык маркетингдик жана жарнамалык материалдарды жана иш-чараларды колдонуудагы мыйзамдарга, эрежелерге, жетектөөчү принциптерге жана өндүрүштүк кодекстерге ылайык жогорку этикалык, медициналык жана илимий стандарттар боюнча жүргүзө турганы каралат.

**Белектер жана меймандостук**

Үчүнчү тараптар Менариниден алдын ала уруксатсыз, биздин Компания үчүн дагы, же биздин атыбыздан дагы белектерди албайт же тартуулабайт, меймандостукту же башка жеке артыкчылыктарды көрсөтпөйт.

Жөнөкөй белектер мындай сыпайылык мамилени алуучуну паралоо катары кабыл алынбаган учурлар менен гана чектелиши мүмкүн. Мындан тышкары, алар жергиликтүү тажрыйбалар жана укуктук ченемдер жана жоболор менен уруксат берилген эрежелерге жана иштиктүү сыпайылык стандарттарына ылайык келиши керек.

**Кызыкчылыктардын кагылышы**
Менарини иш жүзүндөгү же мүмкүн болуучу кызыкчылыктардын кагылышына алып келиши мүмкүн болгон ар кандай кырдаалды ачыкка чыгарууну жана аларды жоюу же жөнгө салуу максатында чараларды көрүүнү толук жактайт.

Менарини кызыкчылыктардын кагылышын Үчүнчү Тараптардын кызыкчылыктары карама-каршы келген же Менарининин кызыкчылыктары менен кагылышуусу мүмкүн болгон ар кандай кырдаал катары аныктайт.

Эгерде Үчүнчү тарапка Менарини үчүн олуттуу коммерциялык зыянга алып келип же анын беделин бузушу мүмкүн болгон кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө, анын мүмкүн экендиги жөнүндө же опурталдуу кырдаал жөнүндө белгилүү болсо, анда ал бул тууралуу өз убагында билдириши керек.

**Атаандаштык жана ак ниеттүү бүтүм**
Менарини өзүнүн Корпоративдик баалуулуктарынын бир бөлүгү катары адилеттүү рынок принциби боюнча эркин атаандаштыкты жактырат. Ошондуктан, социалдык жоопкерчилик көз карашынан алганда, ал абийирдүү атаандашууну, ошондой эле бурмаланбаган атаандаштыкты жана бүтүмдөрдү адилеттүү жүргүзүүнү камсыздоону көздөйт.

Менарини корпоративдик баалуулуктарына ылайык, Үчүнчү тараптар өз кезегинде, адилеттүү атаандаштык принциптерин сактап жана алар өзүнчө жүзөгө ашырылганбы же башка уюмдар же өзүнчө жактар менен бирге көрүлгөнбү, колдонуудагы трестчиликке каршы мыйзамдардын алкагында бардык атаандаштыкка каршы иш-аракеттерден баш тартышы керек.

**Эл аралык соода операциялары**
Үчүнчү тараптардын иши бардык эл аралык мыйзамдарга жана соода эрежелерине, анын ичинде импорт менен экспортту жөнгө салган же соода санкцияларына жана эмбарггого тиешелүү болгон эрежелерге ылайык келиши керек.

**Китептер жана иштиктүү документтер**
Бухгалтердик эсепке алуу принциптерине ылайык, Үчүнчү тараптар китептерди жана документтерди кылдат жүргүзүшү керек, ошондой эле салыктар жана декларациялар боюнча маселелерди жакшы билиши керек.

Менарини Үчүнчү тараптар рынокто ишенимдүү оюнчулар болот жана бул операцияларда абдан натыйжалуу аракеттенет деп үмүттөнөт.

**Купуя маалымат**
Биздин Үчүнчү тараптарыбыз кылдат аракеттенип жана биздин компаниябыздын купуя маалыматын купуялуулук жөнүндө макулдашууларга жана бардык колдонуудагы укуктук ченемдерге жана жоболорго ылайык тиешелүү түрдө колдонот.

**Маалыматтарды коргоо**

Үчүнчү тараптар Менарини менен иштиктүү мамилелердин алкагында жана ага байланыштуу алар иштеп чыга турган жеке маалыматты коргоого милдеттенет. Атап айтканда, Үчүнчү тараптар дайыма маалыматтарды иштеп чыгуунун мыйзамдуулугун кепилдейт; талаптагыдай коргоону жүзөгө ашырат жана маалыматтарды коргоонун жогорку деңгээлдеги стандарттарын камсыздайт; маалыматты туура эмес колдонуудан жана маалыматтарды иштеп чыгуунун бүтүндөй циклинин бардык этаптарында – маалыматтарды чогултуудан тартып өчүрүүгө чейин туура эмес колдонуудан жана санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүнөн маалыматты коргойт; маалыматты бузуу жөнүндө өз убагында билдирет. Үчүнчү тараптар маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамга шайкештикти камсыздоо үчүн Менарини менен айкындуулук жана лоялдуулук негизинде кызматташуусу керек.

**Интеллектуалдык менчик**

Менарини Үчүнчү тараптардын интеллектуалдык менчик укуктарын урматтайт.
Үчүнчү тараптар Менарини интеллектуалдык менчик укуктарын жана башка колдонулуучу укуктук ченемдерди жана жоболорду урматтайт деп үмүттөнөбүз.

**Чыр-чатактуу минералдар**

Биздин Үчүнчү тараптар адекваттуу чараларды көрүү жана тиешелүү аракет менен, Менариниге жеткирилген продукттар түз же кыйыр түрдө куралдуу топторду каржылаган же мындан пайда алган чыр-чатактуу аймактардан чыккан минералдардан же алардын туундуларынан алынган металлды камтыбай турганын текшеришет деп үмүттөнөбүз.

**ЭМГЕК**
**Адам укуктары**

Менарини БУУнун Адам укуктары жөнүндө универсалдуу декларациясында берилген принциптерди сактоого жана урматтоого, катаал мамиле кылуунун ар кандай учуруна тең катышуудан алыс болууга милдеттенет.

Биз Үчүнчү тараптардан адам укуктарына карата ушул эле милдеттенмелерди сактоону талап кылабыз.

**Эмгек укуктары / Зомбулукка жана басмырлоого карата сабырсыздык**
Биз Үчүнчү тараптарыбыз кадыр-барк принциптерин жайылтып, бардык колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, өз кызматкерлеринин ден соолук, эркиндик жана теңдик принциптерин сактайт деп күтөбүз.

Биз раса, тери түсү, жынысы, дин, улуттук таандыктыгы, сексуалдык артыкчылык, жаш курагы, майыптуулук, кош бойлуулук, нике же ардагердик статус же колдонуудагы укуктук ченемдер жана жоболор камтыган башка аспект сыяктуу жеке мүнөздөмөлөрдүн негизинде түзүлгөн куугунтуктоону, коркутууну же мажбурлоону, же жаңылыш пикирди таанбайбыз.

**Балдар эмгеги, мажбурланган эмгек жана адам сатуу**
Биз Үчүнчү тараптарыбыздан алар адамдарды сатууга же заманбап кулчулукка, анын ичинде мажбурланган эмгекке, көз каранды эмгекке, аргасыз эмгекке же балдар эмгегине тартылбай же колдонбой турганын күтөбүз.

Үчүнчү тараптар балдар эмгегин пайдаланбашы керек жана курагы алар иштеген өлкөдө же өлкөлөрдө жумушка алуунун мыйзам менен белгиленген минималдуу курагына ылайык келген кызматкерлерди жалдашы керек.

**Жумуш убактысы, эмгек акы төлөө жана жеңилдиктер**

Үчүнчү тараптар алар иштеген өлкөдө же өлкөлөрдө колдонулуп жаткан укуктук ченемдерге жана эрежелерге ылайык жумуш убактысын, эмгек акыны жана ашыкча иштөө үчүн төлөмдү белгилеши керек.

**Биригүү эркиндиги**
Биз Үчүнчү тараптардан колдонуудагы жергиликтүү укуктук ченемдерге жана эрежелерге ылайык, эркин биригүү, эмгек бирликтерине кирүү, репрезентацияга умтулуу, эмгек кеңештерине кошулуу жана жамааттык сүйлөшүүлөргө катышуу жаатында өзү жалдаган кызматкерлердин укуктарын урматтоону күтөбүз.

**САПАТ**

**Өзгөртүүлөрдү киргизүүнү контролдоо**

Биздин Үчүнчү тараптарыбыз ар кандай жол менен спецификацияга, деталдардын дизайнына, өндүрүш процессине, өндүрүш локациясына, же Менарини сатып ала турган кандайдыр бир товарлар үчүн каттоо статусуна алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксат жок кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизбейт деп күтөбүз.

**Аткаруу сапаты / Жеткирүү жөнүндө буйрутманы аткаруу**

Үчүнчү тараптар алардын талаптарына ылайык өз убагында жеткирүүнү кепилдеши керек.

Биз Үчүнчү тараптарыбыздан сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүүнү жана ички кемчиликтерди, керектөөчүлөрдүн даттануууларын жана жүктөп жөнөтүү кемчиликтерин азайтуу жаатында туруктуу жакшыртууну күтөбүз.

Үчүнчү тараптар Менарини тарабынан бардык дооматтарга өз убагында жооп кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

**Сапатты башкаруу системасы / Товардын сапаты жөнүндө шарттар**

Үчүнчү тараптар сапат системасына ээ болуп жана алар өндүрүлгөн жана/же алар жайылтылган өлкөлөрдө бардык колдонуудагы өкмөттүк токтомдорго ылайык жана эгерде колдонулса, баруучу өлкөдө колдонулган жоболорго ылайык продукцияны каттоону жүргүзүшү керек.

**Таңгак / Маркалоо**

Продукт туура эмес идентификациялоо мүмкүнчүлүгүнөн алыс болуу үчүн жана ар тараптуу мониторингди камсыздоо үчүн маркалоо жөнүндө тиешелүү маалымат менен талаптагыдай идентификацияланышы керек.



Ethical vision, Integrity in action
GLOBAL THIRD PARTIES' CODE OF CONDUCT

## ДЕН СООЛУК, КООПСУЗДУК ЖАНА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨ

**Жумушчунун коопсуздугу**

Менарини коопсуз жумуш ордун камсыздоого, тобокелдик жөнүндө маалымдуулукту өнүктүрүп жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турум принцибин жайылтып, жумушчулардын ден соолугунун жана коопсуздугунун алдын алуу жана коргоо маданиятын бекемдөөгө милдеттенет.

Үчүнчү тараптар бул милдеттенмени аткарып жана персоналдын кадыр-баркын толук урматтоого, ден соолукка жана коопсуздукка байланыштуу бардык колдонуудагы укуктук ченемдерге ылайык келүүгө кепилдик бере турганын күтөбүз.
Үчүнчү тараптар алардын себептерин жокко чыгаруу жана туруктуу жакшыртууга жетишүү максатында жумуш ордундагы мүмкүн болуучу кооптуу кырдаалды идентификациялайт, ал жөнүндө маалымдайт жана баалайт деп күтөбүз.

**Процесстин коопсуздугу**

Менарини туруктуу негизде ар тараптуу натыйжалуулукка мониторинг жүргүзүү, анын ичинде өзгөчө кырдаалдар боюнча мезгил-мезгили менен окууларды өткөрүү менен өзгөчө кырдаалдарга байланыштуу ресурстарды жана жол-жоболорду камсыздайт. Үчүнчү тараптар алардын таасиринин мүмкүн болуучу кесепеттеринин алдын алуу же жумшартуу үчүн мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарды идентификациялайт, баалайт жана алар менен күрөшөт.

**Курчап турган чөйрөнү коргоо жана уруксат**

Менарини бардык колдонуудагы эл аралык жана жергиликтүү укуктук ченемдерге жана жоболорго ылайык курчап турган чөйрөнү коргоонун жана иштиктүү операцияларды туруктуулук принциби боюнча талаптагыдай жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн тааныйт.

Үчүнчү тараптардан жаратылыш ресурстарынын талаптагыдай сактоо жана курчап турган чөйрөнү коргоого карата бардык колдонуудагы укуктук ченемдерди жана жоболорду сактоону талап кылат. Бизнес жүргүзүү үчүн зарыл болгон, курчап турган чөйрөнү коргоого тиешелүү бардык санкциялар, уруксаттар жана лицензиялар талаптагыдай түрдө алынышы керек.

**Химикаттар, калдыктар жана чыгындылар**

Менарини алардын таасирин азайтуу үчүн курчап турган чөйрөнү коргоону эске алуу менен өз бизнесинин бардык аспекттерин башкарат.

Үчүнчү тараптар калдыктарды өндүрүүнү чектүү кыскартып, аларды кайра пайдаланууну, саркынды сууларды, атмосфералык эмиссияларды же курчап турган чөйрөгө же адамдын ден соолугуна олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн болгон башка аспекттерди талаптагыдай башкарууну пропагандалашы керек.

Үчүнчү тараптар мүмкүн болушунча алардын ишинде зыяндуу заттарды пайдаланууну кыскартышы керек.

GLOBAL THIRD PARTIES' CODE OF CONDUCT

**КОДЕКСТИ БУЗУУ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ** (мыйзам бузуу жөнүндө компетенттүү органдарга кайрылуу)

**Маалымдоо**

Менарини Үчүнчү Тараптарды анонимдүү түрдө жана жооп чараларынан кооптонбой бардык, анын ичинде мүмкүн болуучу мыйзамдарды, ушул Кодексте камтылган жоболорду жана принциптерди бузуулар жөнүндө билдирүүгө чакырат.

Төмөндө натыйжалуу жооп кылууну колдоо үчүн мыйзамды бузуу жөнүндө компетенттүү органдарга атайын кайрылуулар үчүн шилтемелер берилген:

Веб-сайт Website: https://menarinigroup.ethicspoint.com
Глобалдык шайкештик почта жашиги Global Compliance mailbox: globalcompliance@menarini.com
Маалыматтарды жана башка пункттарды бузуу маселелери
Жеке маалыматтар менен: dpo@menarini.com

Билдирилген кооптонуулар жөнүндө бардык маалымат тиешелүү түрдө иштелип чыгат, кылдат каралат жана катуу купуялуулукту сактоо менен изилденет. Бул ылайык болгон жерде, саясаттагы мүмкүн болуучу кемчиликтерге карата жана келечекте бузуулардын алдын алуу үчүн тартипке чакыруу жаза чарасы жана түзөтүү чаралары колдонулат.
Ушул Кодексти айрым бузуулар Компаниядан тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына же жөнгө салуучу органдарга андан ары изилдөө же соттук куугунтуктоо үчүн кайрылууну талап кылышы мүмкүн.

Үчүнчү тараптар өз кызматкерлерине алар бузуулар жөнүндө ак ниеттүү маалымдоо үчүн куугунтукка алынбай тургандыгы жөнүндө маалымдайт деп үмүттөнөбүз.

**Тартипке чакыруу санкциялар**

Менарини Үчүнчү тараптардан тиешелүү этикалык жүрүм-турумду күтөт, анткени алардан ушул Кодексти сактоо талап кылынат. Колдонуудагы укуктук ченемдерди жана жоболорду бузуу же ушул Кодексти ар кандай бузуу, мындай бузуу деңгээлине ылайык жана башка өзүнчө жоболорго ылайык контрактта белгиленген тиешелүү санкцияларды колдонууга алып келет.

Ethical vision, Integrity in action

GLOBAL THIRD PARTIES' CODE OF CONDUCT

| | |
|---|---|
| **Этикалык көз караш, Иштеги чынчылдык** | **МЕНАРИНИ тобу (MENARINI)** |

Ethical vision, Integrity in action

MENARINI group